«Каралды»

КИПКтин окуу-усулдук кеңешинде
2022-жылыдын 3-октябрындагы
№1 отурумунда.
ОУКтин төрагасы: Кельдибеков И.

«Бекитилди»

КИПКтин Педагогикалык кеңешинин
2022-жылдын 11-октябрындагы
№1 отурумунда.
Пед.кеңештин төрайымы: Муратова Л.

# Насаатчылык жөнүндө Жобо

## 1. Жалпы жоболор

1. Насаатчылык – билим берүү мекемесинде эмгек стажы жок, ээлеген кызматына иш тажрыйбасы жетишсиз, жекече жумуштарды аткарууда кабыл алынган адистерге тиешелүү жекече иш алып баруу. Насаатчылык тажрыйбалуу, кесипкөй педагогдун жаш адистин педагогикалык чеберчилигин калыптандырууда жекече системалуу жумуш алып барат.

1.2. Устат – жогорку кесиптик жана нравалык сапаттарга, окутуунун жана тарбиялоонун усулдарына ээ болгон тажрыйбалуу педагог. Жаш адис - жогорку кесиптик билими бар өзүнүн ык машыгууларын өнүктүрүүнү каалаган кошумча билимге ээ болгон педагог. Ал бекитилген планга ылайык устатынын көзөмөлү астында квалификациясын жогорулатат.

## 2. Насаатчылыктын максаты жана милдеттери

2.1. Насаатчылыктын максаты жаш адистерге кесиптик жактан калыптануусуна жардам көрсөтүү.

2.2. Насаатчылыктын маселелери болуп:жаш адистерге педагогикалык ишмердигин калыптандыруу жана бекемдөө; педагогдун кесиптик жактан калыптануусун тездетүү; мекемедеги жамааттагы ички тартип эрежелерине үйрөтүү, маданиятка адаптациялоо; педагогдун милдеттерин аң сезимдүү жана чыгармачылык менен аткарууга жоопкерчиликти калыптандыруу.

## 3. Насаатчылыктын уюштуруучулук негиздери

3.1. Устаттык кафедранын отурумунда каралып, директордун буйругу менен бекитилет.

3.2. Насаатчылардын ишмердүүлүгүн окуу-усулдук кеңештин төрагасы (төрайымы) жетектейт.

3.3. Устат болуп жогорку деңгээлдеги кесиптик тажрыйбага ээ, коммуникативдик ык-машыгууларга ээ болгон, баарлашууга ийкемдүү, усулдук, тарбиялык иш тажрыйбасы бар, педагогикалык ишмердүүлүгүндө алгылыктуу көрсөткүчтөргө ээ болгон иш тажрыйбасы менен бөлүшө алган педагог боло алат. Устат бир убакта эки же андан көп шакиртке ээ болуусу мүмкүн.

3.4. Насаатчылык мекеменин төмөнкү категориядагы кызматкерлерине бекитилет: алгачкы жолу жумушка кабыл алынган, педагогикалык ишмердүүлүктө иш тажрыйбасы жок адистер; мекемелерге бөлүштүрүү аркылуу келген; педагогикалык эмес кесиптик билим берүү мекемелерин аяктаган, педагогикалык ишмердикте иш стажы жок, кошумча билими бар педагогдор башка жумушка которулуп кесиптик билимин тереңтетүү зарыл болгон учурда бекитилет.

3.5. Насаатчылардын кандитдатурасы структуралык бөлүмдүр тарабынан кенешмеде каралып директор тарабынан бекитилет. Жаш адисти кызматка дайындалгандан кийин 2 аптадан кем эмес убакытта буйрук менен бекитилет.

3.6. Насаатчыны жумуштан бошогондо, башка жумушка которулганда, устат менен шакирттин ортосундагы мамиле дал келбей калган учурда директордун буйругу менен алмаштырылат.

## 4.Насаатчынын милдеттери

4.1. Жаш адистин ээлеген кызматы боюнча укуктарын, милдеттерин, билим берүү мыйззамдарын, ченемдик-укутук актыларды билүүсү талап кылынат.

4.2. Адисти ички тартип эрежелери, эмгекти коргоо коопсуздук техникалык эрежелери менен жана негизги педагогко коюлуучу талаптар милдеттер менен тааныштырат.

4.3. Жаш адис менен биргеликте анын интеллектуалдык, педагогикалык, усулдук, кесиптик даярдыгын иштеп чыгуу, атайын тапшырмаларды белгилүү убакытта аткаруу менен иштеп чыгуу.

4.4. Жаш адистин иш билгилик, нравалык сапаттарын, сабакты өтүүгө болгон мамилесин, баарлашуу чөйрөсүн,ата-энесин, изилдөө.

4.5. Жаш адиске педагогикалык кесипке ээ болууда практикалык машыгууларды сабактарды сапаттуу өтүүгө болгон ык машыгууларын, жумушун көзөмөлдөө, келтирилген кемчиликтерди биргеликте жоюу;

4.6. Жаш адис тарабынан өткөрүлгөн сабактарды тарбиялык иш чараларды анализдөө

4.7. Жамааттын коомдук жашоосуна катышуу менен маданий жана кесиптик дүйнү таанымын өнүктүрүү

4.8. Жаш адистин педагогикалык коомдук ишмердүүлүгүн талкуулоо мактоого же жазалоого сунуш берүү

4.9. Жаш адистин кесиптик адаптациялануусун анализдөө менен жыйынтык чыгаруу

## 5. Насаатчынын укуктары

Насаатчы укуктуу:

5.1. Насаатчылык боюнча администрациянын кароосуна сунуштарды берүү

5.2. Жаш адистин педагогикалык, коомдук, суроолорго катышуусуна негизденип сунуштарды берүүгө

## 6. Жаш адистин милдеттери

6.1. Шакирттик мезгилде жаш адис милдетүү; КР Билими берүү мыйзамын, кызматтык ишмердүүлүгүн, структураларды, функционалдык милдеттерди, мекеменин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн аныктаган ченемдик укуктук актыларды билүүгө; кесиптик калыптануусунун планына ылайык, педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу жумуштарын жүргүзүү, устатынан алдынкы усулдарды үйрүнүү.

## 7. Жаш адистин укуктары

7.1.Насаатчылык боюнча сунуштарды администрацияга берүүгө

7.2. Кесиптик абийир жана беделди коргоо

7.3. Кемчиликтердижоюуга ж.б. документтер менен таанышууга

7.4. Педагогикалык ишмердүүлүк менен байланышкан сырткы иш чараларга катышуу

7.5. Квалификациясын жогорулатууга

7.6. Кызматтык иликтөө болгон учурда өз алдынча же болбосо адвокаттын жардамы менен өзүнүн кызыкчылыгын коргоого

7.7.Кызматтык изилдөө учурунда мыйзамга шайкеш келген конфеденциалдуулукту талап кылуу

## 8. Насаатчылык ишинин жетектөөсү

8.1. Насаатчылардын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө директордун орун басарына жүктөлөт.

8.2. Колледждин директорунун орун басары насаатчынын бекитилген жөнүндө буйрукту угузат; устат жана шакирт уюштурган кесиптик даярдык боюнча иш чараларга сабактарга катышат; устаттын шакирт менен иштөөсүн көзөмөлдөйт; устаттарга жана шакирттерге инструктаж жүргүзөт;

## 9. Насаатчылык жөнгө салуучу документтер

9.1. Насаатчылардын иш кагаздарын жөнгө салуучу иш кагаздар

- ушул Жобо;
- директордун насаатчылыкты уюштуруу боюнча буйругу;
- жаш адистердин усулдук бирикмесинин иш планы;
- насаатчылык маселеси каралган усулдук бирикменин токтомдору;
- педагогикалык тажрыйба боюнча усулдук сунуштама;
- насаатчылык боюнча иштин жүрүшү.